

## "Келечектеги Гейтс жана Цукербергдер биздин арабыздан чыгышы керек"

Кабардын уландысы
4-бетте



## Залкар менен кездешкен көз ирмемдер

Кабардын уландысы
3-бетте

ГЕЗИТИ
# Манас

КТМУ студенттик практикалык гезити | Январь 2017 / Саны: 55 | www.manas.edu.kg

# КАМКОРЧУЛАР ТОБУ «МАНАСТА»



*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) жаңы дайындалган камкорчулар тобу, жетекчиси жана мүчөлөрү менен бирдикте университетибизде алгачкы жолугушуусун өткөрүү үчүн өткөн жылдын 18-декабрында Кыргызстанга келди.*

Камкорчулар тобунун жетекчиси жана Түркиянын Билим берүү министрлигинин орун басары доцент Юсуф Текин жана камкорчулар тобунун мүчөлөрү Жогорку Билим берүү мекемесинин Башкаруучулар кеңешинин мүчөсү профессор Мехмет Шишман жана Түркиянын Финансы министрлигинин Салык администрациясынын башчысы Аднан Эртүрктү аба майданынан КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы жана проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев тосуп алды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри жана КТМУ Камкорчулар тобунун мүчөсү Гүлмира Кудайбердиеванын катышуусу менен университетте 19-декабрь күнү бул семестрдин алгачкы жыйыны өткөрүлдү. Жыйында профессор Себахаттин Балжы жана профессор Асылбек Кулмырзаев университеттеги өнүгүүлөр жана астыбыздагы 5 жылга карата даярдалган стратегиялык план тууралуу Камкорчулар тобуна маалымат беришти. Жыйын бүткөндөн кийин Камкорчулар тобу Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Метин Кылычты зыярат кылды.

Кабардын уландысы
2-бетте

## Кылымдарды карыткан көчмөндөрдүн кийизинин таржымалы



Эзелтеден бери көчмөндөрдүн жашоо-тиричилигинде орду алмаштыргыс, көчмөн турмушка ылайыкталып жасалган кийиз учурда унутулуп бара жаткандай. Ырас, бүгүнкү күндө улуттук маданиятты сактоо жана жайылтууну көздөгөн активисттер урунуудан чыгып бараткан кылымдарды карыткан кийизди кайрадан жаңы ыкмалар менен жасап, бул асыл буюмду кайрадан жандандыруунун үстүндө аракет көрөлү.

Кабардын уландысы
6-бетте

## Кыргызстандын "Тарых жана маданият" жылы "Манас" университетинде белгиленди

Кабардын уландысы
5-бетте



## "Кызыл кыргын, кандуу кармаш" романы түрк тилине которулду

Кабардын уландысы
7-бетте



# КАМКОРЧУЛАР ТОБУ «МАНАСТА»


Өмер Күфреви

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) жаңы дайындалган камкорчулар тобу, жетекчиси жана мүчөлөрү менен бирдикте университетибизде алгачкы жолугушуусун өткөрүү үчүн өткөн жылдын 18-декабрында Кыргызстанга келди.*

Камкорчулар тобунун жетекчиси жана Түркиянын Билим берүү министрлигинин орун басары доцент Юсуф Текин жана камкорчулар тобунун мүчөлөрү Жогорку Билим берүү мекемесинин Башкаруучулар кеңешинин мүчөсү профессор Мехмет Шишман жана Түркиянын Финансы министрлигинин Салык администрациясынын башчысы Аднан Эртүрктү аба майданынан КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы жана проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев тосуп алды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри жана КТМУ Камкорчулар тобунун мүчөсү Гүлмира Кудайбердиеванын катышуусу менен университетте 19-декабрь күнү бул семестрдин алгачкы жыйыны өткөрүлдү. Жыйында профессор Себахаттин Балжы жана профессор Асылбек Кулмырзаев университеттеги өнүгүүлөр жана астыбыздагы 5 жылга карата даярдалган стратегиялык план тууралуу Камкорчулар тобуна маалымат беришти. Жыйын бүткөндөн кийин Камкорчулар тобу Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Метин Кылычты зыярат кылды.

Ушул эле күнү Теология факультети тарабынан өткөрүлгөн Мавлянаны Эскерүү кечеси жана Биргелешкен Академиялык жыйналышка катышкан Камкорчулар тобу, анын жетекчиси жана мүчөлөрү университеттеги мугалимдерге карата сөз сүйлөдү.

**Жаңы дүйнөнүн эки күчү**

Камкорчулар тобунун жетекчиси доцент Юсуф Текин бул программаны жүрүшүндө жасаган докладында Камкорчулар тобунун жетекчиси катары «Манас» университетинде болгондугуна кубанычта экендигин билдирди. Доцент Юсуф Текин КТМУнун эки өлкө арасындагы маанилүүлүгүн баса белгилеп, «Манас» университети жаңы дүйнөнүн эки чоң күчү боло турган эки өлкө арасындагы алтын көпүрө болуп саналат. Университетибизди ушул миссиянын негизинде камсыздаган эки өлкөнүн саясий лидерлери президентибиз урматтуу Режеп Таййип Эрдоганга жана Кыргыз республикасынын президенти урматтуу Алмазбек Атамбаевге ыраазычылыгымды билдирем. Эки өлкө арасындагы кылымдардан бери келе жаткан биримдик, бүтүндүк жана боордоштук сезимдери «Манас» университетин ушул аймакта да, дүйнөдө да кадырлуу университеттердин катарына кошту. Бул боордоштуктун келечектеги муундарга да берилүүсүн биздин мойнубуздагы парз деп билебиз» деди.

Камкорчулар тобунун мүчөсү, профессор Мехмет Шишман да өз сөзүндө «Манас» университетинин келечекке ишенимдүү кадам таштаганын белгилеп, «Манас» университети бул аймактын чолпон жылдызы. Бул жылдыз бир эле бүгүн эмес келечекте да айланасына жарык чачат» деди.

Камкорчулар тобунун мүчөсү Аднан Эртүрк болсо КТМУнун Түркия жана Кыргызстан арасындагы алтын көпүрө экендигин, ушул себептен да бул университеттин өнүгүүсү үчүн баарынын колунан келишинче аракет кылышы керек экендигин баса белгиледи. Кыргызстанга, тагыраагы Орто азияга алгачкы жолу келгендигин билдирген Эртүрк «Бул жерде өзүмдү бөлөк адам катары сезген жокмун. Биздин тамырыбыз бир экендигин көрдүм» деди.

**Биздин артыбызда чоң колдоо бар**

Бул жыйналышта сөз сүйлөгөн проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев да Камкорчулар тобунун зыяратына карата болгон ыраазычылыгын айтып өттү. Профессор Асылбек Кулмырзаев Камкорчулар тобу менен болгон жолугушууларда аларга университет тууралуу маалыматтар берилгендигин жана эки тараптуу пикир алмашуулар болгондугун билдирди. Профессор Кулмырзаев сөзүн мындайча улады: «Камкорчулар тобу менен жемиштүү жана пайдалуу жыйын өткөрдүк. Бул жыйын бизге келечекте пайдалуу жана жакшы иштерди аткара алуубуз үчүн бизди дайыма колдоп турган чоң бир колдообуздун бар экендигин көрсөттү. Түркия биздин университетибизден материалдык болсун, руханий болсун колдоо көрсөтүп келди. Дайыма жаныбызда болду. Ушул себептен Түрк өкмөтүнө биз ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Кыргыз жана түрк элдеринин дайыма ынтымакта жана биримдикте болушу үчүн биз дагы да чоң иштерди жасайбыз».

Биргелешкен Академиялык жыйналышта доклад жасап, университеттин бул убакытка чейин жасаган иштери, акыркы жылдардагы өнүгүүсү жана стратегиялык планы тууралуу маалымат берген ректорубуз, профессор Себахаттин Балжы 2016-2017 окуу жылынын ийгиликтүү жыл болушун каалады. Профессор Себахаттин Балжы «Биздин университетке жасаган зыяратыңыздар үчүн ыракматымды айтам. Азыркы Камкорчулар тобуна ыраазычылык билдирүү менен, мурда ушул кызматты аркалаган эски камкорчулар тобун да дайыма эстеп жүрөм. КТМУ- бул чоң жоопкерчилик, талап. Күн-түн дебестен дайыма иштеп, Кыргызстандын жана Түркиянын бизге болгон ишенимин актоо үчүн аракет кылып жатабыз. Биримдик менен бүтүндүктүн ичинде атаандаштыкка туруштук берүү менен өзүбүздүн күчүбүздү арттырууга аракет кылуудабыз. Университетибиз жайгашкан аймакты да назарга алуу менен Кыргызстандын өнүгүүсүнө салым кошууга аракет кылабыз. Алтын көпүрөнүн фундаментин бекем куруу менен мындан кийин бүткүл Орто Азияда жашай турган жаштарга өткөрүп берүү үчүн аракет кылуудабыз. Мындан да жакшы болобуз, мындан да өнүгүп өсөбүз. Бул ар дайым алдыга жылуубуз, бул жүрүш тарыхта өз ордун таба турган жүрүш. Ушул жолдо жүргөндүгүбүз үчүн биз кадимкидей эле жашоодо жашап жаткан жокпуз. Бул, билим көрсөткөн жол. Мына ушул жолдон жүрөбүз» деди.

Жыйналышта университеттин мугалимдери да сөз алып сүйлөштү. Катышуучулар кечеден кийин бирге эстеликке сүрөткө түшүштү.

Батухан Атеш

# Мевлананын Жаратканга жолукканынын 743-жылдыгы белгиленди


Өмер Күфреви

Улуу суфист акын, дүйнөлүк адабияттын классиги Мевлана Жамалиддин Руми дүйнө салып, өзүнүн чексиз сүйүүсүн арнаган Жаратканга жолукканынын 743-жылдыгы бир гана Түркияда эмес, бүтүндөй дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө белгиленди. Ислам дүйнөсүнүн ири ойчулун эскерүү кечеси Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде да өткөрүлдү.

Теология факультети тарабынан 20-декабрда уюштурулган «Хазрети Мевлананы эскерүү» аттуу иш-чарада «Манас» университетинин камкорчулар тобунун жетекчиси жана мүчөлөрү, университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы, проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев, факультеттердин декандары жана университеттин профессорлук-окутуучулар жамааты катышты.

Мевлананын дүйнө салганынын 743-жылдыгына арналган иш-чарада теология факультетинин доценти Мустафа Чакмаклыоглу Мевлананын дин жана диний түшүнүгүн ишеним, ибадат жана тажрыйбанын алкагында караган «Учурубузда Мевлананы түшүнүү» аттуу баяндама жасады.

**Сүйүү деген жалбырттаган жалын, бир күйүп алса, Машуктан башкасынын баарын күлгө айлантат.**

Доцент Мустафа Чакмаклыоглу ислам дининин негизи болгон таухид илиминин Мевланада адамдын ички дүйнөсүнө, аң-сезимине шайкеш келген биримдиктин болушун ырастаганын белгилеп өттү. «Мевланада Аллага карата болгон чексиз сүйүү адамдын рухий дүйнөсүнүн тереңинде сакталган каухар сыяктуу. Ал каухар ушунчалык сырдуу, аны адамдардын жасаган мамилесине, кыймыл-аракетине карап аныктоо мүмкүн эмес», - деди Чакмаклыоглу. Ал Мевланада Алла-Таалага болгон терең сүйүүнүн негизинде дин менен Алла-Таалага чексиз берилгендик түшүнүгү жатарын белгилеп келип, баяндамасын улуу Мевлананын төмөндөгүдөй сөздөрү менен жыйынтыктады: «Менин намаз окуудагы максатым ушул – мындан ары айрылуу дарты тууралуу ооз ачпайм. Болбосо бул кандай намаз болот? Сени менен (Алла-Таала тууралуу) отурайын да жүзүм жайнамазда, оюм болсо базарда болсун»... «Сүйүктүүнүн жамалы болгон жайнамазда отурган кишинин жүз түрдүү намазы, дуасы, жүз түрдүү рукүсү жана сеждеси болот».

Мевлана Жамалиддин Руми XIII кылымда жашаган диний аалым, суфист жана ойчул. Ал адамдын руху менен денесин бир бүтүндүк катары түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө умтулган акын, диний даанышман жана аалым. Улуу ойчул чыгармаларында өзгөчө «Месневи» жана «Диван Кабир» аттуу чыгармалары менен, аларда козгогон темалары, баяндаган окуялары менен, жатык тил менен айтылган түшүндүрүүлөрү менен илимий чөйрөнүн жана интелектуалдардын, дегеле жалпы коомчулуктун кызыкчылыгын арттырып, түрдүү улуттагы, түрдүү диндеги адамдарды таасирленткен.

Улуу ойчул жашоо, сүйүү жана өлүм сыяктуу глобалдык темалар тууралуу терең ойго салган көз караштары менен дүйнөгө таанылган. Мевлананын дүйнөдөгү жашоого болгон көз карашын баш тартууга мүмкүн эмес улуу чындык болгон өлүмдү сүйгөнүнө жетүү түнү (шеб-и аарууз), Алла-Таалага жолугушуу катары кабыл алганы түзөт жана ал Алла-Таала менен адамдын ортосундагы байланыштын улуу чындыгын көрсөткөнү менен айрымаланып турат.

Наим Сенжер

*Айтматовду эскерүү*

# Залкар менен кездешкен көз ирмемдер


Интернет

Убагында орустун улуу жазуучусу Салтыков-Щедрин адабиятты "Адабият – ааламдын кыскартылышы",- деп айткан жайы бар. Ошол ааламды өзүнө батырган Ч.Айтматовдун арабыздан өткөнүнө быйыл туура сегиз жыл болду. Бири кем дүйнө... Залкарыбыз аман болгондо ушул жылы ал 88 жашка чыкмак.

Улуу жазуучу менен кезигип, аны менен чогуу иш алып баруу шыбагасына ээ болгон инсандар өмүрүнүн ошол көз ирмемдерин тагдыр тартуулаган белек катары аздектеп эскерип келишет. Алардын катарында белгилүү адабиятчылар, жазуучулар, окумуштуулар, киноадистери, журналисттер, айтор, ар кыл кесиптин ээлери бар.Эмесе, залкар тууралуу алардын эскермелерине кезек берели.

**"Ал мага өзүнө ишенгендей ишенчү"**

Академик, айтматовтаануучу Ч Абдылдажан Акматалиев Ч. Айтматов жөнүндө мындай деп эскерет: "Чыңгыз агай менен кездешсем деп студенттик мезгилдерде, 70-жылдарда эле эңсеп келгем. Алгач жолу алыстан,Спорт сарайында "Ак кеме" киносунун бет ачарында көргөм. Кызык, ошол "Ак кеме" киносу жана "Фудзиямадагы кадыр түн" драмасын көрүүгө студенттерди демилге көтөрүп уюштуруп баргам. Кийин Чыңгыз агайдын чыгармачылыгы жөнүндө дипломдук иш жазып жүргөндө түшүмө көп кирип, түшүмдө сүйлөшүп да жүрдүм. Тагдыр буйруп, 1980-жылдын 1-октябрында илимий конференцияда таанышып калдык. Ал жөнүндө менин "Айтматов жана этюд" китебимде кеңири жазганмын. Айтматов адамдын ички дүйнөсүн көрө билчү. Менден өзүнө жаккан сапаттарды көрсө керек. Ошол себептен, "Мен сага өзүмө ишенгендей ишенем" деп кат жазган. Чыңгыз агай мага толук ишенчү. Ал эми ишеним- байлыктан да, бийликтен да жогору турат!

**"Үйүнө барып, сүрөткө тартып алсам болмок деп бүгүнкү күнгө чейин өкүнөм"**

Улуу жазуучу менен тааныш болгон жана бирге иштешкен Кыргыз эл артисти, кинооператор Манасбек Мусаев. Ч. Айтматовдун жакын досу Манасбек Мусаев жазуучуу жөнүндө эскерип жатканда ага болгон сагынычы көздөрүндө чагылып турат. "Армияда жүрсөм, бир күнү институттагы балдар Чыңгыз Төрөкуловичтин келгенин айтып калышты. Ал жерден суранып, ошол учурда улуттук кинонун башчысы Шаршен Усубалиевдин бөлмөсүнө барсам, Айтматов да бар экен. Ал экөө мени аскерден бошотуу үчүн ошол учурдагы армиянын башчысы Борис Шапошниковго Кыргызстанда кесипкөй кино тарткандар жок экендигин жазышып, кат жөнөтүшкөн. Менин жашоомо ал кишинин салымы чоң. Чыңгыз Төрөкулович менен иштеп калгандыгым үчүн тагдырыма ыраазымын. Мага Ч.Айтматов өз колу менен "Бүткүл союздук кинематография биримдигинин күбөлүгүн" тапшырган. Ар бирибиз "Айтматов барда кыргыз киносу өнүгүп-өсөт" деген ишеним менен жашачубуз. Анткени, эң алгач Айтматовдун чыгармасы боюнча тартылган "Аптап" тасмасы аркылуу дүйнөлүк фестивалга чыга алдык. Чыңгыз Төрөкуловичтин чыгармаларынын негизинде үч көркөм фильм тарттым. Биринчи тасмам "Тайгак кечүү" аңгемеси боюнча тартылган. Андан тышкары, "Ак кеме" жана "Жамийла" тасмаларын тарттым. Акыркы жолу Айтматовду 2008-жылдын 8-майында көрдүм. Жыл сайын 8-майда кыргыз киночулары жолугуп, олтурчубуз. Ага Айтматов да келген. Маанайы ачылып, ар бирибизге жакшы сөздөрүн айтып отурган эле. Мени көрүп, "Манас, сени качан көрбөйүн, фотоаппаратыңды көтөрүп эле жүрөсүң",- деп ыраазычылыгын билдиргендей болду. Мен "Сиздин сүрөттөрүңүздүн баары расмий болуп калды. Үй-бүлөңүз менен иш бөлмөңүздөн сүрөткө тартайын"- десем, "каалаган убактыңда кел",- деп калды. Шашпай тартам деп, бара алган эмесмин. Көп өтпөй Айтматов Казанга учуп кетти. Ошондон кийин жолуга алган жокпуз... Ошонун эртеси эле үйүнө барып, сүрөткө тартып алсам болмок деп бүгүнкү күнгө чейин өкүнөм".

**"Жашоомдогу күтүлбөгөн жолугушуу"**

Кыргыз –Түрк "Манас" университети адабият факультетинин деканы, филология илимдеринин доктору, профессор Лайли Үкүбаева Айтматов менен таанышкан учурда кесиптик жашоосуна жаңы кадам аткан жаш аспирант эле. Профессор Лайли Үкүбаева ошол учурдагы толкундануу сезимин эч качан унутпасын айтып өттү. "1972-жылдын 1-январынан тартып Москвадагы А.М Горький атындагы Адабият институтуна күндүзгү бөлүмгө аспирантурага өтүп, окуй баштадым. Илимий жетекчим филология илимдеринин кандитаты, доцент Александр Никитич Власенко деген окумуштуу болгон. Көп пикир алышуулардан, талкуулардан кийин "Ч.Айтматовдун чыгармаларында мүнөздөрдүн чагылдырылышынын өзгөчөлүктөрү" деген темага токтолдук. Чынын айтсам, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча теманы алардын алып алып, өзүмчө абдан сарсанаа болдум, апкаарыдым. Уктабай калдым. Айтматов менен бир республикадан болгонум менен, ал кишини өңүмдө эмес, түшүмдө көргөн жан эмесмин. Ч. Айтматовдун чыгармаларын кайрадан окууга кириштим. Жашоо күтүлбөгөн белектерден туураарына ошол жылы биринчи жолу ишендим. Каникулда Кыргызстанга келип жолдошум экөөбүз эс алганы Ысык-Көлгө жол тарттык. Жолдошумдун курсташы Тилектин агасы Дүйшеке байкенин дарбазасын аттаганыбызда эле алма бактын ичинде бир топ меймандар жүргөнүн байкадык. Анан эле тиги бактагы эс алып жүргөн адамдар кыргыз актерлору Муратбек Рыскулов, байбичеси Сабира Күмүшалиева, анан дагы 2-3 актер, анан Чыңгыз Төрөкулович Айтматов болсо болобу! Чыңгыз ага өзү көп айткандай, бул да бир тагдыр, төлгө болсо керек деп ойлойм азыр... Агайдын бул жерде экенин укканда тизем титиреп, бир башкача сезим түйгуларга тушуктум. Кантип көрүшөм, кантип сүйлөшөм, эмнени сүйлөшөм... Айтор, андагы менин психикалык абалымды кандай кылсам да азыр айтып бере албайм. Мен үчүн жер астын-үстүн болгондой эле болгон. Мени агай менен Муратбек Рыскулов ошол жерден тааныштырып, ага болгон нерсени түшүндүргөндөн кийин, Чыңгыз ага менин темам тууралуу сурады. Менимче, изилдөөмдүн темасы ага жаккандай болду. "Иште, кызым, суроош болсо кайрылып тур",- деди.

**"Өзүмө болгон ишенимди күчтөндүрдү"**

Коммуникация факультетинин декан жардамчысы, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, тележурналист Абды Сатаров Ч. Айтматов менен болгон маектешүүлөрдүн жеке жашоосуна тийгизген таасири жөнүндө кеп салды. "Чыңгыз Айтматов менен жолумдун бир түшүп калганы мен үчүн кызык, бир чети сырдуу болду. Бир жолу түшүмө Чыңгыз ага кирди. Бир белгисиз кооз табият ичинде аны менен ээрчишип жүрүпмүн. Анан эле бир жерге келдик да, бир дасторкондон боорсок жедик. Мен ушундай кубанып жүрүпмүн. Чыңгыз аганын жанынан чыкпайм... Ойгонсом, көңүлүм азыр эле ал киши менен өңүмдө жолугушуп келгендей сүйүнүп алыптырмын. Арадан бир нече күн өтүп, ал түнкү түш да унутулуп калган эле. Ал кез 1986-жыл болсо керек, мен ал кезде КТРКнын адабий-драмалык редакциясында редакторлук кызматка которулуп, он беш жылдай иштеп дасыгып калгам. Бир күнү эле мени Кыргыз телерадиосунун жетекчилери, ыраматылык режиссер, кыргыз эл артисти Балташ Кайыпов издеп калыптыр. Келсем эле Чыңгыз Айтматов менен маек курарымыз айтышты. Маекке даярданып отурсак, Чыңгыз ага жеңил машинасы менен келип калды. Ошол кезде Чыңгыз аганын М.С.Горбачевдун кеңешчиси жана "Иностранная литература" журналынын баш редактору болчу. Маекти кынтыксыз жүргүздүм, биз толук бир саат сүйлөшүптүрбүз. Менин ошондогу "Эл дүйнөсү" деп жаңы ачкан, жаңы саамалык болгон көрсөтүүмдү Чыкем алгачкылардан болуп ачып берип, ошол куттуу студияда мага ак батасын берди. Бул мага чоң колдоо болду, кийинки иштериме зор ишеним жаратты".

Жанара Каденова


КТМУ архив

Профессор Манасбек Мусаев Чыңгыз Айтматов менен


КТМУ архив

Профессор Лайли Үкүбаева Чыңгыз Айтматов менен

## Кыргыз-Түрк Манас университетинин Биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев:

# “Келечектеги Гейтс жана Цукербергдер биздин арабыздан чыгышы керек”

Ар бир изги ийгиликтин артында ал үчүн билимин, уюштуруучулук жөндөмүн жана убактысын жумшаган адам турат. Ошол сыңары “Манас” университетинин азыркы түптөлүшүнө өзүнүн зор салымын кошуп, окуу жайыбызда 14 жылдан бери жоопту кызматты аркалап келе жаткан КТМУнун биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев менен маектештик.

-Асылбек агай, жогорку билимге Кыргызстанда ээ болуп, илимиңизди Москвада жактап, Америка, Швейцария, Германия жана Франция өлкөлөрдөгү университеттердин изилдөө борборлорунда иштеп келиптирсиз. Ушундай илим жолунан Кыргыз-Түрк “Манас” университетине келип иштеп калышыңызга эмне себеп болду?

- Ооба, 1997-жылы чет өлкөгө кетип, Америка, Швейцария, Германия жана Францыядагы университеттердеги илим изилдөө борборлорунда 2004-жылга чейин иштедим. Ошол эле жылы Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин уюштуруучу ректору, профессор Карыбек Молдобаев агай “Манас” университетинде инженердик факультет ачылгандыгын айтып чакырып калды. Багытым тамак-аш инженериясы болгондуктан, ушул багытта жардамга келүүмдү сунуштады. 2004-жылдын күзүнөн тартып, 2005-жылдын жайына чейин иштеп, кайра чет өлкөгө кеттим. 2008-жылы университетке кайра келип, бүгүнкү күнгө чейин иштеп келе жатам.

- “Манас” университетинде мурдагы учурдагыдан бүгүнкү күнгө чейин кандай өзгөрүүлөр болду деп айтаар элеңиз?

- Иштегениме 14 жыл болуптур. Бул жылдар аралыгында абдан мааниси чоң өзгөрүүлөр болду. Баарынан мурда жогорку окуу жайдын фундаменти профессордук-окутуучулук курам болуп эсептелет. Кандай окутуучулар иштесе, ошондой сапат болот. 2004-жылдары жакшы окутуучу табуу өтө кыйын болчу. Айрыкча, инженердик багытта жогорку квалификациядагы окутуучуларды табуу кыйынга турду. Түркиядан да келишчү эмес. Эптеп таанып билген жерлерден өтүнүч менен мугалимдерди алып келчүбүз. Ал эми, азыр мугалимдикке бош орун болсо, чоң конкурс менен гана ишке алабыз. Окутуучуларды тандоодо өзүбүздүн талаптарыбыз бар. Доценттик кызматка алуу үчүн чет тилин билүү, эл аралык деңгээлде долбоорлорду жүргүзүү, дүйнөдөгү абройлуу илимий журналдарга макалаларын жарыялоо талаптарын койгонбуз. Демек, бул университетибиздин изилдөө иштери жогорку деңгээлде экендигин билдирет. Муну менен катар эл аралык кызматташууларды активдүү жүргүзө баштадык. Бир гана Түркия эле эмес, батыш жана чыгыш өлкөлөрүндөгү университеттер менен кызматташуудабыз. Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардан биринчи Болон системасындагы үч тепкичтүү программаларды ишке ашырдык. Бул абдан чоң жетишкендик. Учурда Кыргызстанда эки тепкичтүү система, бакалавриат жана магистратура ишке ашырылды. Үчүнчү докторантура тепкичи даярдалып жатат. Буюрса, ал да бир-эки жылда өлкөдө толук кандуу таанылып, иштеп калат. Ушул маселелерде биздин университеттин тажрыйбасы Кыргызстанга керек. Университетибиздин студенттеринин саны жана сапаты артты. Азыр студенттер 5 миңден ашып, 6 миңге чукулдап калды. Жылына университеттеги 1 орунга жок дегенде орто эсеп менен 7-8 студент атаандашат. “Жалдагы” кампусубузда жаңы курулган имараттар көбөйүп, ишке киргизилди.

- Кыргызстанда “Манас” университетинин орду жана ролу кандай деп ойлойсуз?

- “Манас” университетинин негизги максаты – Кыргызстандын, Түркиянын жана жалпы түрк тилдүү мамлекеттердин өнүгүүсүнө салым кошо турган мыкты адистерди даярдоо. Алсак, биздин өлкөдө экономиканын негизги тармактары айыл чарба, тоо-кен иштетүү, энергетика, транспорт жана логистика, туризм тармактары чечүүчү тармактар болууда. Анткени, Кыргызстандын таянган экономикалык өнүгүүсүнө түрткү бере турган тармактар ушулар. Биз бул тармактарда эл аралык деңгээлде иш жүргүзө ала турган, Кыргызстанга инвестицияны, жумушчу күчүн тарта турган адистерди даярдап чыгарышыбыз керек.

- “Манас” университети Кыргызстандагы башка жогорку окуу жайларына эмнеси менен үлгү боло алат?

- Университет өзүнүн түзүлүшү, башкаруу жана билим берүү системасы, илимий изилдөө иштери, студенттердин турмушу менен Кыргызстандын окуу жайларына өрнөк боло алат. “Манасты” өлкөдөгү университеттерди туура багыттаган, үлгүлүү университет, деп айтсак болот. Биздеги тартипти жана жоболорду башка окуу жайларына жайылтуу керек.

Биздин университеттин эң негизги миссиясы – батыш менен чыгыштын эң мыкты университеттери менен таймаша турган, алтургай, алдыңкы сапта боло турган жогорку окуу жайы болуу. Мындан тышкары Орто Азиядагы элдердин биримдигин жана байланышын чыңдоодо өрнөк университет болуу. Ошондуктан биз дүйнөдөгү тенденцияларга жараша рационалдуу көз караштарды, максаттарды коюп иштеп келебиз.



Өмер Куфреви



Өмер Куфреви

Өлкөнү бир инсан, бир чыгарма эле таанытa алат

Бүгүн биз Кыргызстанда, Кореянын, Япониянын электроникалык техникасын колдонобуз. Айдаган автоунааларыбыз да ошолордуку. Жада калса, азыр кийген кийим, жеген тамактарыбыз да ошолордуку болуп баратат. Демек, биз, ошолордун чыгарган өндүрүмдөрүн колдонуп, алардын экономикасын, өнүгүүсүн колдоодобуз. Америка Кошмо Штатынын, Франциянын, Германиянын жаштарынан биздин кыргыз, түрк, казак, өзбек жана башка түрк тилдүү өлкөлөрдүн жаштарынын эмне кемчилиги бар? Менимче, эч кемчилиги жок. Бирок, эмне үчүн бизден Билл Гейтске окшогон ысымдар, фейсбукту дүйнөгө тараткан Цукербергге окшогон ысымдар жок? Жок дегенде, он жылда бир кыргыз, казактын же башка түрк элдеринин аттары чыгып турса кандай жакшы. Биз азыр “Чыңгыз дүйнөнү таанытккан, дүйнөдө таанылбаган адам жок”,- деп түрк дүйнөсүнөн кимди айта алабыз? Мен Чыңгыз Айтматовду айта алам. Анткени, анын чыгармалары аркылуу кыргыз дүйнөгө таанылды. Мен Америка Кошмо Штаттарында университетте иштеп жүргөндө Кыргызстандан келдим десем эч ким тааныган эмес. Өзгөчө жаштар “Кыргызстан бул кандай өлкө”,- дегенде, мен “Чыңгыз Айтматов дегенди уккансыңарбы?”- десем, бардыгы укканбыз деген. Аргентинадан келген бир докторант студент Айтматовдун “Жамийла” повестин окуганын айтты. Кыргызстандын чек арасын айтып, жер бетинин кайсы жеринде жайгашканын саймедиреп отуруунун ордуна бир ысым менен таанытуу мүмкүн. Эгер ал “Жамийла” повестин окуган болсо, кыргыздардын кандай эл экенин билет. Бир гана жазуучу, чыгармачыл адамдар эмес техникада, өндүрүштө, экономикада да ошондой адамдар болуш керек. Азыр жаштардан деле дүйнөгө таанылгандар бар. Бирок, биз эми экономикага салым кошо турган өндүрүштөрдү, өндүрүмдөрдү дүйнөгө таанытышыбыз керек. Мен жаштардын көңүлүн ушул нерсеге көп бурам. Себеби, жаш инсан – келечекте эмне кылышым керек деген суроо менен жашашы керек. Жаштык изденип турган учур. Жаштарга жакшы акыл-насаат айтып, шарт түзүп бериш керек. 1990-жылдары чет өлкөгө кетүүдө мага насаат айткан, багыт берген киши жок болчу. Учурда мүмкүнчүлүктөр чексиз. Ар бир мүмкүнчүлүктү колдоно билиш керек.

- Жакынкы келечекте окуу жайдын кандай пландары бар?

- Биздин максатыбыз университетте чаржайыт факультеттерди көбөйтүү эмес, студенттердин саны 8-10 миңден ашпаган, ийкемдүү, мобилдүү, заман талабына жооп берген чакан жогорку окуу жайы болуу. Мындан улам университетте саны аз, бирок сапаттуу факультеттер, бөлүмдөр болушуна артыкчылык беребиз. Учурда факультеттердин бөлүмдөрүн анализдеп жатабыз. Кийинки жылда күтүлгөндөй жыйынтыкты бере албаган бөлүмдөрдүн ордуна жаңы бөлүмдөрдү ачууну пландап жатабыз. Жаңы англис тилинде жана орус тилинде программалар да ачылат.

Келечекте кээ бир адистиктер боюнча чет тилдерде билим берүү программаларын ачууну пландап жатабыз. Окуу программасындагы сабактардын 30 пайызы чет тилинде өтүлмөкчү. Бирок, айрым бөлүмдөрдө, мисалы, эл аралык мамилелер сыяктуу бөлүмдөрдө талапка жараша билим берүү 100 пайыз эл аралык тилде жүргүзүлсө, пайдасы көбүрөөк болот. Же болбосо тарых бөлүмүндө окуган студенттер тарыхты изилдөөдө мисалы, кытай жана башка тилдердеги илимий булактар менен иштей билиши керек. Айтор, жаштар өздөрүн, жасаган иштерин башка өлкөлөргө таанытыш үчүн англис же жок дегенде орус тилин билүүлөрү кажет.

Университеттин студенттерге багытталган кандай жаңы долбоорлору бар?

- Окуу жайдын атын студенттери чыгарат. Жаш адистер кандай болсо, университеттин бедели да ошондой болот. Каражат жумшап, реклама берип, жыйналыштарда сүйлөп, газетага жазгандын ордуна бүтүрүүчүлөрүбүз бир жерде мыкты атaлса, эң чоң реклама, таанылуу ошол. Университетте убакыт өткөрүп, иштегенибиздин бардыгы студенттер

үчүн. Студенттерден сунуштар түшсө, бирөөсүнө дагы жок дебейбиз. Университетте жыйырмадан ашык клуб бар. Студенттердин долбоорлорунун пайдасы жалпы өлкөгө тийип, ошол менен университеттин аты чыкса дейбиз.

Университет билим менен өнүгөт

Университеттин аты илим менен чыгат эмеспи. Азыр бизде магистратура, докторантурада студенттердин жакшы илимий изилдөөлөрү, долбоорлору бар. Бизде көптөгөн коомдук иштер, карыларга жардам берүүдөн тартып балдар үйлөрүнө барууга чейин иштер жасалат. Тазалык, жашылдандыруу, жатаканалардагы тартип, студенттик спорттук, маданий иш-чаралар да аткарылып турат. Мен университеттер арасындагы спорттук таймаштарда, олимпиадаларда биздин студенттердин алдыңкы болушун каалар элем. Эмнеге биз, Кыргызстандын универсиадасында жок дегенде алдыңкы үчтүккө кире албайбыз? Биздин спорттук шарттар өлкөдөгү окуу жайларда жок. Студенттер жаш окумуштуулардын илимий конференцияларына да активдүү катышып турушу шарт. Жаштарыбыз бир гана өлкө ичинде эмес, эл аралык иш-чараларда да өзүн көрсөтүүгө аракеттениши керек. Болбосо кыргыздын таамай айтылган “Үйдө баатыр жоодо жок”,- дегениндей эле болуп калат.

- Абитуренттер эмне үчүн “Манас” университетин көп тандашат деп ойлойсуз?

-Азыр биздин университетти тандоо себептерин талдоого алган изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Биздин университетти тандап алуунун башкы себеби биздин окуу жайдын бийик аброю жана адилеттүүлүгү деп эсептейм. Биздин окуу жайга өткөн студенттер беш жыл билим алышат. Ушул күнгө чейин биз 4 миңге жакын студенттерди уядан учурдук. Буга чейин алар жөнүндө жаман пикирди уккан жокпуз, жакшы пикирлерди көп угуп жүрөбүз. Биздин балдар ыймандуу, адептүү, кесипкөй, тырышчаак балдар-кыздар деп айтып кетер элем, муну эң билет. Муну менен катар, университетибиздин профессорлук-окутуучулук курамы, алдыңкы илим изилдөө лабароториялары, инфраструктурасы да мыкты деңгээлде бекемделип жатат. Ошондуктан, жаштар мындай жерде билим алгысы келет.

- Студенттерге кандай кеңеш, каалоо-тилектериңизди айтат элеңиз?

- Бардык студенттерге биринчиден, ден-соолук жана тынчтык каалайм. Жаштар убакытты үнөмдүү, пайда алып келгидей жумшоосуна үгүттөйт элем. Университетте убакытты текке кетирбеш керек. Бир гана университеттин китепканасындагы китептер, интернет менен чектелип калбастан, башка дүйнөлүк адабияттарды да окуш керек. Учурдагы ааламдашуу доорунда кызматташтыкта башка өлкөдөн өнөктөш табуу абдан оңой. Ал үчүн чет тилин мыкты деңгээлде билиш керек. Жаштар өзүнүн турмушунда бир жетиштикке жетпей туруп, жакындарынын турмушун жакшыртаары мүмкүн эмес. Ата-эненин эртеңкисин, бир тууганларын жана өзүн камсыздоого жетишиши керек. Мына ушул жол аркылуу жаштар мамлекетке салым кошо алат. Себеби мамлекет – бул ар бир инсан. Ар бир инсандын жашоо-турмушу канчалык жакшы болсо, мамлекеттин деңгээли да жогору болот. Мамлекет менен элди бөлүү туура эмес. Ар бир жаштын келечеги өзүнүн колунда.

Жанара Каденова

# Кыргызстандын “Тарых жана маданият” жылы “Манас” университетинде белгиленди



Өмер Куфреви

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде 28-декабрда Тарых жана маданият жылынын алкагында аткарылган иштер тууралуу маалымдалган иш-чара өткөрүлдү.

Иш-чарага Түрк кеңеши, Түрк университеттер биримдигинин башчысы жана КТМУнин ректору проф., докт. Себахаттин Балжы, КТМУнун Биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, КРнын Тарых жана маданият жылын өткөрүү боюнча мамлекеттик дирекциянын башчы С.Раев, КРнын Президенттик Аппаратынын Этникалык жана диний саясат бөлүмүнүн эксперти С.Тажиматов, КТМУнун жалпы жамааты, студенттер жана медиа өкүлдөрү катышты.

**2016-жылы ири долбоорлорго кол коюлду**

Иш-чаранын ачылышында КТМУнун ректору проф. докт. Себахаттин Балжы 2016-жылынын Президент Алмазбек Атамбаевдин “Тарых жана Маданияттын” жылы деп жарыяланганын абдан маанилүү экендигин белгиледи. Бул алкакта 2016-жылы университеттин жасаган көптөгөн иш-чараларын, ири долбоорлорго кол коюлганын билдирген проф. докт. Балжы бул долбоорлордун бир катарына токтолуп өттү. Ректор Орто Азиядагы Түрк элдеринин тарыхын баяндаган жана дүйнөдө сейрек кездешкен 594 томдон турган “Түркестан жыйнагы” китебинин электрондук вариантынын сатып алынганын жана элдин колдонуусуна берилгенин маалымдады.

Айрыкча университеттин Тарых жана Маданият жылынын алкагында Көчмөндөр Оюндарын илимий негизде кароо үчүн уюштурулган симпозиумдун мааниси абдан зор болгондугун белгиледи. Мындан сырткары КТМУнун ага окутуучусу проф. докт. Кубанычбек Табалдиевдин эмгеги менен ачылган Тарых, Археология жана Этнография музейи дагы 2016-жылдын маанилүү иш-чараларынын бири болгонун белгилей кетти.

Ректор проф. докт. Себахаттин Балжы университеттин 4 жылдык эмгегинин натыйжасы 75 000 сөздү камтыган Кыргызча-Түркчө термин жана фразеологизмдердин электрондук сөздүгүнүн жакында окурмандарга колдонууга бериле турганын билдирди. 2016-жылы ишке ашырылган долбоорлордун бири болгон Юсуф Хас Хажибдин 1000 жылдыгына арналып, 7 өлкөдөн келген макалалардын анализинин натыйжасында чыгарылган китепке өзгөчө басым жасап, проф.докт. Себахаттин Балжы: “КТМУнун жамааты катары сиздердин да салымыңыздын жардамы менен күнү-түнү иштеп университеттин миссиясын аткарылуусу үчүн чоң иштерди баштайбыз”, – деп сөзүн жыйынтыктады.

Программада КТМУнун проректору проф. докт. Асылбек Кулмырзаев эки өлкөнүн колдоосу менен 2016-жылы маанилүү долбоорлордун ишке ашырылганын, илимге чоң пайда алып келе турган илимий конференциялар, симпозиумдар жана конгресстердин уюштурулганын жана ушул сыяктуу иш-чаралардын улантылып жатканын айтып өттү.

КТМУнун окуу иштери боюнча проректору, профессор Анвар Мокеев: университеттин 2016-жылында аткарган иш-чараларга байланыштуу презентацияны тартуулады. Анда ал Кыргызстандын тарыхында мааниси зор болгон “Уулу үркүн”, Юсуф Хас Хажибдин “Кутадгу билиг” жана “Түрк мамлекеттик башкаруу салты” китептери тууралуу кеңири маалымат берди.

**Өлкөнүн эң мыкты университети**

КРнын Президенттик Аппаратынын Этникалык жана диний саясат бөлүмүнүн эксперти С.Тажиматов КТМУнун жетекчилигине жана жамаатына ыраазычылыгын билдирип, университеттин иш-чараларынын Кыргызстан жана бүткүл Түрк дүйнөсүнүн маданиятын дүйнөгө таныттуудагы чоң салым кошкондугун белгилей кетти.

КРнын Тарых жана маданият жылын өткөрүү боюнча мамлекеттик дирекциянын башчы С.Раев дирекциянын атынан Кыргыз-Түрк “Манас” университетине, ректор проф. докт. Себахаттин Балжыга, биринчи проректору проф. докт. Асылбек Кулмырзаевге Кыргызстандын Тарых жана маданият жылынын алкагында жасалган иштер үчүн ыраазычылыгын билдирди. “Бул жыл кыргыз элинин тарыхында руханий жыл болду. Биз президенттик деңгээлде баа берип, улуттук маданиятка өзгөчө көңүл бура алдык. “Манас” университетинин жасап жаткан иштеринен кабардарбыз жана баалайбыз”, -деди Раев. Бүгүнкү күндө “өлкөнүн эң мыкты университети” катары Манас университети Кыргызстанга билим берүүнүн жаңы форматын көрсөтүп, интеллектуалдык инвестиция болгондугун жана Кыргызстандын алтын казынасын түзгөн миңдеген адистерди даярдап жаткандыгын баса белгилей кетти.

Асел Моконова




Өмер Куфреви

# Кылымдарды карыткан көчмөндөрдүн кийизинин таржымалы



Интернет

Эзелтеден бери көчмөндөрдүн жашоо-тиричилигинде орду алмаштыргыс, көчмөн турмушка ылайыкталып жасалган кийиз учурда унутулуп бара жаткандай. Ырас, бүгүнкү күндө улуттук маданиятты сактоо жана жайылтууну көздөгөн активисттер урунуудан чыгып бараткан кылымдарды карыткан кийизди кайрадан жаңы ыкмалар менен жасап, бул асыл буюмду кайрадан жандандыруунун үстүндө аракет көрөлү.

**Кийиз - көчмөн маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү болгон**

Көчмөн турмуштун ажырагыс бир бөлүгү болгон кийиздин тарыхы биздин заманга чейинки үч кылымдан тарта белгилүү. Кийиз өзгөчө Борбор Азия маданиятында маанилүү орун ээлеп, көчмөн калктын күнүмдүк жашоосунда көп колдонулган. Чабандар кийизден жасалган кементайларды кийип, сууктан гана эмес жылан, уулуу чаян-жөргөмүштөрдөн да сактанышчу экен. Көчмөндөрдүн боз үйүнүн жабуусу да кийизден жасалгандыктан, ал кышкысын жылуу, жайкысын салкын болгон. Ошондой эле аттын жабдыктары да кийизсиз жасалган эмес. Бут кийим үчүн да, анын батеги үчүн да кийиз алмаштыргыс материал болгон. Айтор, кышында суук өткөрбөгөн, жайында салкын кармап, ысык өткөрбөгөн кийизсиз көчмөндөрдүн күнүмдүк тиричилигин элестетүү мүмкүн эмес.

Борбордук Азия маданиятында кийиз буюм катары гана эмес, ырым-жырым каадалары катары да пайдаланылганын айтпай кетүүгө болбос. Көчмөн маданиятында бүбү-бакшылардын кийим-кечеси жана колдонгон буюм-тайымдары да кийизден жасалчу. Ошондой эле жаңы келиндин себине сөзсүз түрдө кийизден жасалган буюм-тайымдар кошулуп берилген. Жаш жубайларга кут-ырыскы алып келет деп, үйгө кийизден жасалган эркек жана аял сөлөкөтүндөгү



Интернет

куурчактарды да илип коюшчу. Өзгөчө, үйдүн ички жасалгасында колдонулган туш кийиздер, ар түрдүүлүгү жана түстөрү менен үйдүн кожоюнун социалдык аброюн аныктап турган. Мисалы, ала кийиз, карала кийиз же болбосо түстүү кийиздер менен жасалгаланган үйлөр таптык жиктелиштин символу катары саналган. Ала кийиз менен капталган үйлөрдү ак үй деп аташкан жана ээлери малдуу-жандуу бай адамдар катары саналган. Карала кийиз менен жабылган үйлөрдө колу жука адамдар жашагандыктан, аны кара үй деп аташкан.

Өлүм зыйнатында да кийиз маркумдун рухун жана акыркы сапарга узатуучусу катары саналган. Ошондуктан маркумду күйгүзүү ырым-жырымында сөөктүн жанына анын көлөмүндө кийизден жасалган тотем коюлуп маркумдун күлү анын үстүнө чачылган. Түрктөрдүн эски ишенимдери боюнча абройлуу адамды өлүм жазасына тартканда, кан чыгарбай өлтүрүү ырымы боло турган. Абройлуу адамды кийизге ороп, үстүнөн кырк ат менен тебелешип жазалашкан.

Муну менен бирге, эзелтен кийиз бийликтин символу катары саналган. Хандыкка көтөрүүдө да ак кийизге отургузуу каадасы жасалган. Бул жөрөлгө хандын бийлигинин, күчүнүн символу катары эсептелчү.

**Борбор Азиядан Борбор Европага чейин тараган кийиз**

X кылымда түрктөрдүн Борбор Азиядан чыгышка көчүүсү менен кийиз Анатолияга да жайылтылган. Бул чөлкөмдө христиандар менен бирге жашаган жарым отурукташкан калк ислам динин кабыл алат. Ошентип, кийиз мусулмандар менен бирге чыгыш Африка, Балкан жарым аралына жана Борбор Европага чийин таркайт. Учурда кийиз Борбор Азия өлкөлөрүндө гана колдонулбаса, тээ X кылымдан баштап жайылтылган бул чөлкөмдөрдө жашаган калктын күнүмдүк турмуш-тиричилигинде баштагыдай урунулбай калды. Бүгүнкү социалдык жана маданий өзгөрүүлөр, технологиялык өнүгүүлөрдөн улам кийиз көп керектелбей, андан жасалган туш кийиздер жана шырдактар үй жасалгаларында дээрлик кездешпей калды. Ошентсе да замапбап ыкмалар, формалар жана стилдердин жардамы менен анын ордун сактоого аракет жасалып келет. Өзгөчө, кийизден жасалган буюм-тайымдар түстүү жасалгалоолордо (жаздыктар, майда-чүйдө жасалгалар), аксессуарларда (желбирөөч, чачсайгы, кооз төөнөгүчтөр, шуру, баштыкчалар) жана ашкана буюм-тайымдарында байма-бай колдонулат.



Дилек Доган

Ошондой эле кийизден жасалган же болбосо кийиз менен толукталган уникалдуу кийим-кечектер да аз эмес.

Бүгүнкү күдө кийизден жасалган буюм-тайымдарды сактоо жана жайылтуу максатында иш алып барган долбоорлор да жок эмес. Улуттук же болбосо жергиликтүү деңгээлде жүзөгө ашкан бул долбоорлор кийиз кол өнөрчүлүгүн муундан муунга өткөрүү максатын көздөйт. Алар кийиз кантип жасаларын, кийизден кандай буюм-тайым жасоого боларун, кийизди кайсыл тармакта колдонсо боло турганын көпчүлүккө жеткирүүгө багытталган. Долбоордун алкагында каалоочуларга кийиз өндүрүүнүн сырлары үйрөтүлөт. Бул долбоорлорго кызыгып катышкан аялдар бир өнөргө ээ болуп, аларга кошумча каражат булагын табуу мүмкүнчүлүгү да түзүлөт.

**Кийиз электрондук каражаттардын радиациясынан да сактайт**

Эми кийизден жасалган буюм-тайымдардын заманбап шарттарда жашаган адам баласына тийгизген физикалык жана психологиялык оң таасирлери жөнүндө сөз кылсак. Кийиз кой жүнүнөн жасалгандыктан, адам баласынын ден-соолугуна пайдасы чоң. Мисалы, үйдүн ички жасалгасында колдонулган кийиз бөлмөнүн нымдуулугун жөнгө салуу аркылуу кургак абаны тазалайт. Керебет, отургучтарга олпок катары колдонулган кийиздер бел ооруларына жана ревматизм өңдүү дарттарга дабаа болот. Жүндөн жасалган байпак, күрмө сыяктуу кийимдер бир жагынан тердетпейт, экинчиден, оорулардын алдын алып, астма, өпкө дарттарына оң таасирин тийгизет. Ошондой эле кийизден жасалган буюмдар нерв ооруларына чалдыккан жана гиперактивдүү адамдарга да оң таасирин тийгизет, алтургай электрондук каражаттардын радиациясынан да сактайт.

Учурда экологиялык таза буюмдардын баркы күндөн-күнгө өсүп, аларга абдан маани берилип калды. Айрыкча, Австралия, Орусия, Чыгыш Европа жана Америка өңдүү мамлекеттерде кийиз буюмдары өтүмдүү келери белгилүү болгон. Андыктан кийизди жайылтып жаткан жергиликтүү долбоорлордун багындыра турган ийгиликтери али алдыда.

КИЙИЗ КАНТИП ЖАСАЛАТ?

Эң алды менен ылайыктуу жүн тандалып алынат. Кийиз койдун күзүндө кыркылып алынган жүнүнөн жасалат. Ал эми жазгы жүн кийиз жасоого жарабайт. Жүндү тазалап алган соң, аны ысык сууга эмес, жылымык сууга айна кошуп жууп, муздак сууга таза чайкап алуу керек. Андан соң күнгө кургатып, бириндетип тытып алуу шарт. Күнөс жерге алдына таар таштальп, токулган чий жайылып, анын үстүнө акырындык менен жүн кабатталып тегиз төшөлөт. Бир кабат жүн тегиз төшөлгөн соң үстүнө боёлгон жүн менен каалаган оюулар түшүрүлөт. Чоңдугу орточо кийизге болжол менен 8-10 килограмм жүн кетет. Чийге жүндү каалаган чоңдукта толук төшөп, анын бетине майда тешиктери бар идиш менен самындуу кайнак суу куюп, чийге оройбуз. Чийге оролгон кийизди арчындалган аркан менен бекем байлап, маал-маалы менен ысык суу куюп, бир сааттай күч менен ары-бери оонатып тепкилеп бышырышат. Кайнак суу куюп, тепкилеп жатканда, жүн кирип, кадимки кийизге айлана баштайт. Андан соң кийизди чийден ажыратып, четтерин тарткылап тегиздеп, андан да бекемирээк болушу үчүн аялдар жарым сааттан кем эмес убакыт улам кайнак суу куюп, самын сүртүп, билектери менен басышат. Ошондон кийин гана кийиз даяр болот. Аны муздак суу менен чайкап, жайып кургатуу гана калат.

Дилек Доган



Интернет

# Көркөм өнөр факультетинин ийгилиги



Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жаш таланттары «Жаңы ысымдар» аттуу театр өнөрпоздорунун карoo-сынагынан байгелүү кайтышты. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан "Тарых жана маданият" жылына карата уюштурулган карoo-сынакта университеттин көркөм өнөр факультетинин студенттери төрт сыйлыкка ээ болушту.

«Манас» университетинин көркөм өнөр факультети менен театралдык өнөр бөлүмүнүн студенттери «Коркут чоң атанын китеби» аттуу эпостун негизинде сахналаштырылган спектакли менен биринчи орунга, Чыңгыз Айтматовдун чыгырмасынын негизинде сахналаштырылган «Апокалипстин келбети» спектакли менен үчүнчү орунга ээ болушту. Бөлүмдүн студенттери Бермет Аликова жана Мыскал Майрамбек кызы «Жаш кыял» аттуу сыйлыкка татышты. Көркөм өнөр факультетинин ага окутуучусу Себахаттин Сиврикая да атайын сыйлык менен сыйланды.

«Коркут чоң атанын китеби» спектаклинин режиссеру Гөкчен Тонгут сыйлык тапшыруу аземинде студенттерин ийгиликтери менен куттуктап, уюштуруучулар комитетине жана Маданият, маалымат жана туризм министрлигине ыраазычылыгын билдирди.

Белгилей кетсек, карoo-сынакка өлкөнүн төрт жогорку окуу жайы катышып, сыйлык тапшыруу аземи М. Жангазиев атындагы куурчак театрында өттү.

Кубра Эрбайракчы

# КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ ТӨРТ СЫЙЛЫККА ЭЭ БОЛДУ

12-15-декабрь күндөрү өткөн «Кыргызстан – кыска метраждуу фильмдердин өлкөсү» аттуу эл аралык кинофестивалда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультети 4 номинацияда сыйлыкка ээ болду.

Фестивалда коммуникация факультетинде тартылган Зиреггүл Кубандык кызынын «Лунатик» фильми «Эң мыкты үн режиссеру» номинациясын, Кенжебек Шайлообаевдин «Тегирмен» фильми «Эң мыкты режиссер» номинациясын, Сырга Кубандык кызынын «Пейилдин бузулушу» анимациялык тасмасы «Жюринин өзгөчө сыйлыгы» номинациясын жеңип алды. Ал эми Адилет Каржоевдин «Ыракмат, доктор» фильми эл аралык деңгээлдеги категорияда «Жюринин өзгөчө сыйлыгы» номинациясын алды.



Фестивалга Кыргызстандан сырткары Өзбекстан, Тажикстан, Түркменстан, Казакстан, Армения, Азербайжан, Грузия, Россия жана Эстония сыяктуу бир топ мамлекеттерден өкүлдөр катышты. Ат салышкан тасмалар улуттук жана эл аралык деңгээлдеги толук метраждуу тасма, даректүү тасма, анимациялык кино жана эксперименталдык кино категорияларында бааланды. Эске салсак, аталган фестиваль Бишкекте быйылкы жылы алтынчы жолу өткөрүлдү.

Нурсултан Станалиев

# Коммуникация факультети Лозунг сынагында баш байгени алды

Эл аралык маркадагы кийим тигүүчү фирма тарабынан жарыяланган Лозунг сынагында коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн студенти Альбина Бердивакова биринчи орунду алды.

Жаш балдардын кийимдерин тигип чыгарган бул фирманын товарларын таанытуу жана рекламалоодо колдонула турган лозунгду даярдоо үчүн уюштурулган сынакка 30 адам 100 лозунг менен катышкан. Алардын ичинен фирма Альбина Бердиваковванын «Стилдүү балалык» деген лозунгуна баш байгени ыйгарды. Баш байгеси үчүн Альбина фирманын 10 000 сом сыйлыгын алды.

«Ушул күнгө чейин бир топ сынактарга катышкам. Бирок бир да жолу сыйлык ала элек элем. Бул менин алгачкы жеңишим жана баалуу сыйлыгым», - деди Альбина Бердивакова кубанычы менен тең бөлүшүп.

Коммуникация факультетинин деканынын милдетин аткаруучу профессор Хамза Чакыр Альбина Бердиваковaны жетишкен ийгилиги менен жеке өзүнүн жана факультеттин атынан дарсканага келип куттуктап, мындан аркы ишине да ийгиликтерди каалады.

Кубра Эрбайракчы



Өмер Куфреви

# "Кызыл кыргын, кандуу кармаш" романы түрк тилине которулду




Өмер Куфреви

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде кыргыз жазуучусу Бактыбек Максүтовдун кыргыз жана түрк тилинде жакында жарык көргөн Үркүн тууралуу "Кызыл кыргын, кандуу кармаш" аталышындагы романынын бет ачаары 7-декабрда болуп өттү. Бет ачаар аземи гуманитардык факультети тарабынан уюштурулуп, ага факультеттин түркология жана тарых бөлүмдөрүнүн окутуучулары, үркүнтаануучулар жана студенттер катышышты.

"Кызыл кыргын, кандуу кармаш" романын котормочу Ибрахим Туркхан түрк тилине оодарып, ал Стамбулдан жарык көргөн. Чыгармада автор 1916-1917-жылдардагы улуу көтөрүлүш боюнча жазылган тарыхый булактарга таянып, Үркүндүн башталышы, өнүгүшү жана жыйынтыгын көркөм чагылдырууга аракет жасаган. Романдын Үркүн тууралуу жазылган башка китептерден өзгөчөлүгү Чүй боорундагы кыргыздардардын көтөрүлүшү, Ысык-Көлдөгү толкундоолор жана элдин Кытайга качып баргандыгы тууралуу жазылган. Катышуучулар авторго 1916-жылдагы тарыхый окуя тууралуу бир катар суроолорду берип, иш-чарада китептин мазмуну кызуу талкууга алынды.

Кымбат Айтыбек кызы

# "Манас" эпосу 7 күн тынбай айтылды

Бишкекте жети күн бою "Супара" этнокомплексинде өткөрүлгөн Манас айтуу иш-чарасы 4-декабрда Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясында салтанаттуу жыйынтыкталды.

"Манас күнүнө" катышкан премьер-министр Сооронбай Жээнбеков улуу эпосту жайылтууда кошкон салымы үчүн манасчылар Талантаалы Бахчиевге, Рыспай Исаковго, Улан Исмаиловго жана Салимбай Турсунбаевге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамоталарын тапшырды. Салтанаттын жүрүшүндө "Манас" эпосунан үзүндү коюлуп, "Эл ырчысы Эстебес", "Эл шайырлары" фольклордук топторунун акындары кеченин көркүн ачты. Иш-чара КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги менен биргеликте «Саякбай» фонду тарабынан уюштурулган.

Эскерте кетсек, "Манас" эпосунун күнүн белгилөө боюнча өкмөттүн токтому 2015-жылы 4-декабрда чыккан. Анын негизинде эпосту таанытуу жана жайылтуу максатында ноябрь айынын акыркы жумасында "Манас күндөрү" салтка айланып өткөрүлүп келет. Кыргыз элинин тарыхын, рухун ичине камтыган "Манас" эпосунун үчилтиги 2013-жылы ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастарды коргоо боюнча репрезентативдик тизмесине Кыргызстандын атынан катталган.



Асел Моконова